**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ**

**ЖУСУП АБДРАХМАНОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ЖУСУП АБДРАХМАНОВА**

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 4- сессиясы

# ТОКТОМ

19.02.2025ж. № 4-6 Ананьево а.

**Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 4-сессиясынын №4-6 токтомунун негизинде Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу "Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар" муниципалдык ишканасын түзүү жөнүндө**

Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 4-сессиясынын №4-6 токтомдорунун негизинде Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу "Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар" муниципалдык ишканасын түзүүгө токтом кылат:

1. Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин 4-сессиясынын №4-6 токтомдорунун негизинде **"Ж.Абдрахманов , Ананьево, Өрүктү"** айыл өкмөттөрүнүн бириккендигине байланыштуу Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу **"Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар"** муниципалдык ишканасы түзүлсүн жана мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Муниципалдык ишкананын уюштуруу-укуктук формасы – **муниципалдык ишкана.**

2. **Муниципалдык ишкананын толук фирмалык аталышы:**

**-Мамлекеттик тилде:** Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын "Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар" муниципалдык ишканасы

**-Расмий тилде:** Муниципальное предприятие "Жилищно-коммунального хозяйства и пастбищепользователей " айылного аймака Жусуп Абдрахманова;

3. **Муниципалдык ишкананын кыскартылган фирмалык аталышы:**

**-Мамлекеттик тилде:**"Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар" МИ;

**-Расмий тилде:** МП "Жилищно - коммунального хозяйства и пастбищепользователей"

4. **Мекеменин жайгашкан жери** (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Ысык - Көл облусу, Ысык-Көл району, Ананьево айылы, Ленин көчөсү №120б. болуп аныкталсын.

5. "Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар" муниципалдык ишканасынын **жобосу бекитилсин**.

6. "Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар" муниципалдык ишкананын жетекчиси кызматына – **Баракaнова Айнура Кожошевна** дайындалсын.

7. Муниципалдык ишкананын уюштуруучусу: **Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтү.**

-Каттоо номери: № 4404031001000109;

-Код ОКПО:32666172;

-ИНН: 02603202410144;

**8 ."Турак–жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар"** муниципалдык ишканасын Ысык-Көл областык Юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы ишкананын жетекчиси **Баракaнова Айнура Кожошевна милдеттендирилсин.**

**9.** Мамлекеттик каттоо жөнүндө чечимди андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

**10.** Токтомдун аткарылышы боюнча муниципалдык ишкананын иш кагаздарын сапаттуу тактап берүү жана тиешелүү комиссия мүчөлөрүнө, айыл өкмөтүнүн финансы-экономика жана социалдык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**11.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жусуп Абдрахманов айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Агатаева Төлөн Маликовнага тапшырылсын.

**Төрага** **А.Ш.Кыштобаев**

*Г.Стамова Жиберилди; Иш кагаздарына -1, айыл өкмөтүнө – 1, облюст.башк.- 2*